# Ч.АЙТМАТОВДУН РОМАНДАРЫНДАГЫ КӨРКӨМ АКСИОЛОГИЯ

**ИСАКБАЕВА З.Т.**
biblionsu@rambler.ru

*Макалада Ч.Айтматовдун чыгармачылыгынын аксиологиялык кырларын ачуу, анын романдарын баалуулуктук өңүттө изилдөө, алардын көркөмдүк баалуулуктарын чечмелөө жөнүндө сөз болот.*

Кыргыз элинин залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгы ар тараптуу изилденип келет. Бирок анын чыгармалары аксиологиялык өңүттө изилдөөгө алына элек. Айтматовдун романдарына баалуулуктук мамиле кылып талдоо жасаганда көп маселе чечилет. Мындай изилдөөдө түрү да, масштабы да башка маданияттык феномендер – аксиология жана залкар сүрөткерибиз Ч.Айтматовдун романдары чырмалышкан. Биринчиси эң башынан эле философиялык билимдер аймагына таандык болгон, аз убактан бери гана көркөм өнөргө карата конкреттүү чыгармаларды чечмелөөнүн бөтөнчө аспектиси ролунда колдонулуп келатат. Экинчиси болсо эбактан бери эле (романдар жарыялангандан тартып) адабиятчылардын, сынчылардын, дегеле жалпы окурмандардын көңүлүн буруп келет. Чынында да кыргыз жазуучусунун романдары – «Кылым карытар бир күн», «Кыямат», «Кассандра тамгасы», «Тоолор кулаганда» – адабий коомчулукта чоң ийгиликке ээ болуп, кызуу талаш-тартыш жаратып, татыктуу баасын алышкан. Ошентип, эгерде аксиологиялык кубулуштарга же Ч.Айтматовдун романдарына өз-өзүнчө адабий мамиле кылсак – ал салыштырмалуу актуалдуу болушу ыктымал. Ал эми бул экөөнү эриш-аркак чырмалыштырсак – мындай изилдөөнүн жаңычылдыгы менен актуалдуулугу шексиз болот. Анткени жогорку чыгармаларды так мына ушул аспектиде алиге чейин эч ким иликтей элек.

Көркөм өнөргө аксиологиялык мамилени Ч.Айтматовдун романдарынын материалында апробациялоо бир караганда жасалма көрүнүшү ыктымал, мына ошондуктан ал өзүнөн-өзү негиздеп берүүнү талап кылат. Бул үчүн аксиологиянын мүмкүнчүлүктөрүнө да, Ч.Айтматовдун романдарынын бөтөнчөлүктөрүнө да кеңири токтолууга туура келет.

Аксиология тууралуу элестетүүлөр-түшүнүктөр акыркы 15-20 жыл аралыгында жетишерлик ылдам өзгөрүүдө. Алсак, мисалы, 1989-жылы басылган философиялык сөздүктө аксиология – бул «баалуулуктардын табияты жөнүндө, алардын реалдуулуктагы орду жана баалуулуктук дүйнөнүн түзүлүшү жөнүндө, б.а. ар кыл баалуулуктардын өз ара, социалдык жана маданий факторлор менен жана инсандын түзүмү менен байланыштары жөнүндө окуу» [1] деп айтылган. Он жылдан соң ушундай эле өңүттөгү сөздүктүн авторлору төмөнкүдөй ырастоону мүмкүн деп табышат: «АКСИОЛОГИЯ (грек. axia - баалуулук, logos - сөз, окуу) – баалуулуктарды адам болмушунун маани түзүүчү, адамдын жашоосуна, ишмердигине, конкреттүү аракеттери менен жосундарына багыттуулук жана мотивдешкендик берүүчү негиздер катары изилдөөчү философиялык дисциплина. /./ Аксиологиянын көйгөйлөрүнө кайрылуу /./философиялык өнүгүүнүн бир фазасынын аяктоосунун күбөлүгү жана ошол эле кезде философиялык билимдин кайра түзүмдөлүшүнүн негизи болуп калды» [2]. Ошентип, аксиология «окуу» деген кыйла жекече түшүнүктөн өзгөчө илимий «дисциплина» макамына ээ болду да, керек болсо, сөздүктөгү макаланын автору көрсөткөндөй, философиялык билимдин өнүгүүнүн бир фазасынан башкасына сапаттуу өтүүсүн белгилеп калды.

Аксиология XVIII кылымдын аягынан тартып өзүнүн илимий категорияларын аныктап-тактап (анын башаттарын Канттын эмгектеринен көрүшөт), анан философиянын гана чектеринде узак кала албады. Батыш илиминде, болгондо да эң бир ар түркүн аймактарда, аксиология эбактан бери эле илимий акыл-ойдун алдыңкы чегин түзөт. Адегенде философия менен эстетикада, анан социологияда, экономикада, адабияттаануула ж.б. гуманитардык илимдерде – аксиология өз укуктарына ээ болду жана ушул илимдердин өнүгүүсүнө чоң түрткү берди, алардын мейкиндиктерин кеңейтти жана чукулдатты [3, 92-145].

Акыркы жылдарда орус адабияттаануусунда көркөм адабияттын туундуларын изилдөөгө жана түшүнүүгө карата аксиологиялык мамиле улам кеңири кулач жаюуда. Суроо туулат: бул эмнеден улам болууда жана кандайча «иштейт»?

А.П.Враскиндин кеңири түшүндүрмөсүн келтиребиз: «Ар бир адам (же автор, же каарман) эрктүү же эрксиз бардык иште баалуулуктарды жетекчиликке алат – турмуштук ориентирлер катары деп болжонот. Алар ар кыл наркта болушу ыктымал – нукура же жалган; түбөлүк же өтмө; жалпы адамзаттык же жеке, социалдык же идеологиялык (анын ичинде, мисалы, диний) баалуулуктар. Ошондуктан адамдын, коомдун, доордун «баалуулуктук мүнөздөмөлөрү» болушу мүмкүн. /./ Бирок баарыдан мурда негизги категориялардын маанилеринин чектерин аныктоо зарыл. Бул ченемдер, баалуулуктар жана идеалдар. Эң эле жалпы түрдө алардын ортосунда өзүнчө иерархия бар деп айтууга болот. Бир аз жөнөкөйлөнтүп, аны төмөнкүчө берүү керек. Баалуулуктар – бул конкреттүү ориентирлер, аларга умтулууга жана жетүүгө болот. Алар булар: үй-бүлөлүк жыргалчылык, сүйүү, парз, иштеги ийгиликтер, акча (байлык) – ж.б. Бирок булар өзүнөн өзү келбейт. Баалуулуктарга карай кандай болбосун бет алуу керек, мында жашоонун өзүнүн ченемдери бар. Адам менен коом аны иштеп чыгат. Улантсак, адам – руханий жандык, ал дайыма эле бардык нерседе прагматикалуу боло бербейт. Кол жетүүчү, реалдуу максаттар менен катар ал үчүн кээде бийик максаттар, кыялый ориентирлер мааниге ээ болот. Бул болсо эми – идеалдардын аймагы.

Ушул үч категориянын (ченемдер-баалуулуктар-идеалдар) карым-катышынын өз динамикасы бар, ушул жерден татаалдыктар башталат. Биринчиден, өз ара өтүшүүлөр менен өз ара алмаштыруулар мүмкүн. Кечээ кол жеткис идеал болгон нерсе, – бүгүн толук реалдуу баалуулукка айланат, эртең болсо, балким, ал жашоонун реалдуу ченеми болуп калышы ыктымал. Бул өз ара өтүшүүлөрдөн прогрессивдүү өзгөрүүлөрдү окуй алабыз. Өз ара алмаштырууларга келсек, кээде аларды бир беткей чечмелөө кыйын – баары көз караштарга багыныңкы. Ченемдер, мисалы, өзүнөн өзү баалуулуктарга айлана алышат. Ченемге кирүү, ченемдүү (нормалдуу) болуу – бул белгилүү бир шарттарда өзүнөн өзү көптөр үчүн ориентирди жана кааланган максатты түзөт. Башка жагынан, кайта алмаштыруу мүмкүн: жаңы баалуулуктарды иштеп чыгуу, аларга жетишүү жана коргоо – көп учурда энергиялуу жандар үчүн жашоо ишмердигинин ченемин түзөт. Ченемдер менен баалуулуктардын ушул карым-катнаштарын түшүнүү үчүн алардын ар кыл деңгээлдерин эске алууга жана нукура жана жалган, туруктуу жана өтмө, ж.б.у.с. баалуулуктарды айырмалоого туура келет.

Адабият – өзүнүн турмуш чындыгын чагылтуу жана көркөм таануу негизги милдеттеринен улам – жогоруда аксиологиялык карым-катнаштар катары белгиленген бардык турмуштук кубулуштарды кайра түзөөрүнө ынануу кыйын деле эмес. /./ Чыгармада аксиологиялык деңгээл дайыма бар, аны кароого болот жана кароо керек – ал көп нерсени айта алат» [4, 46-47].

Бул түшүндүрмөлөрдүн башында А.П.Враскин ар кандай адам, «автор же каарман», баалуулуктарды жетекчиликке аларын белгилеген, бирок андан соң кеп чыгармаларда кыялдагы «каармандардын» аксиологиялык ориентирлерин чагылтуу жөнүндө жүргөн. Анткен менен, автордун аксиологиялык кызыкчылыктарынын деңгээли, албетте, ар кандай чыгармада өзгөчө эстетикалык өлчөмдү түзөт да, бул көркөм аксиологиянын жалпы бейнесин кыйла татаалдантат. Эбак эле М.М.Бахтин ушул татаалдыкты көрсөткөн да, чыгарманын формалык-эстетикалык биримдиги автордун «баалуулуктук контексти» – таанымдык-этикалык жана эстетикалык-актуалдуу – каармандын «баалуулуктук контекстин» – этикалык жана турмуштук-актуалдуу – кучагына алат, камтыйт деп болжогон [5, 71-72].

Мындан тышкары, аксиологиялык негизде масштабдуу тарыхый-функционалдык изилдөөлөр үчүн жаңы келечектер ачылат. Анткени так ушул аспектиде эмне үчүн ар башка доорлордо конкреттүү автордун мурасына окурмандык кызыгуу сууй же кызый турганы реалдуу айкындалат. Окурмандар да өздөрүнүн кыймылдуу баалуулуктук ориентирлеринин туткунунда калышат – алар адабияттан өздөрү үчүн актуалдуу баалуулуктук контексттерди издешет.

Демек, адабияттык кубулуштарды изилдөөнүн аксиологиялык аспектисин дээрлик универсалдуу деп эсептөөгө болот – ал чыгармалардын мазмунун да, формасын да, автордук жекечеликти да, окурмандык кабыл алуунун тенденцияларын да терең карап чыгууга жол ачат.

Ч.Т.Айтматовдун чыгармачылыгына келе турган болсок (биз мына ушуга кайрылууну максаттайбыз), бул жерден өзгөчө татаалдыктарды алдын ала көрүүгө болот. Бизди Айтматов кайра түзгөн көркөм дүйнөнүн анын каармандарынын баалуулуктук ориентациясы деңгээлиндеги аксиологиялык мазмундуулугу кызыктырат. Бирок мында адабияттык жараяндын баалуулуктук кырларын иликтеген эмгектердин тажрыйбасын эске алуу, мүмкүн болушунча көркөм берилген автордук аксиология деңгээлине чыгуу аракеттерин жасоо да зарыл.

Изилдөө үчүн конкреттүү материалды тандоо да өзгөчө негиздөөгө арзыйт. Бул жерде жооп берүү зарыл болуучу биринчи суроо: эмне үчүн Ч.Айтматовдун романдары?

Иштин жайы мында, ал жан дүйнөсүн адеп-аклак маселелери түйшөлткөн кыргыз залкарларынын бири болгон. Бул түйшөлүү анын аң-сезиминде балачагынан бери орун алып келген. Жамандык-жакшылык маселелери менен, б.а аксиологиялык категориялар менен ал эң эле эрте кез келген. Өзүнүн эскерүүлөрүндө ал уюн уурдатып жиберип, кошунасынын мылтыгын сурап алып, ууруну өлтүрмөй болуп издеп чыкканы, жолдон карыяга жолугуп, анын насаатын угуп, ал оюнан кайтканы тууралуу айтканы бар. Бул жерде биз бүгүн аксиологиялык деп атап жаткан ориентирлер орун алганы ачык-айкын. Ал ошентип өз жолунда Жамандыкка эмес, Жакшылыкка бет алат, кыйратууга эмес, түзүүгө, жаратмандык, чыгармачылык ишке багыт алат. Ушул эле жерде аксиологиялык параметрлердин – баалуулуктар менен идеалдардын айкашуусу байкалып турат.

Ошентип, Ч.Айтматов бүт өмүр бою тутунуп келген жашоо негиздери өзүндө аксиологиялык ориентирлерди – баалуулук менен идеалды айкаштырат. Ал эми аларсыз аксиологиялык комплекс толук болбоочу «ченемдерчи»? Алар жазуучу балачагынан өмүрүнүн акырына чейин өзүн адеп-аклактык өркүндөтүү үчүн жүргүзүп келген түйшүктүү мээнетте эң эле ачык-айкын жүзөгө ашырылган. Бул тууралуу көп изилдөөчүлөр жазышкан. Ч.Айтматов өз жашоосунда тутунган адамгерчилик «эрежелер» – чынында ал өз баалуулуктук көрсөтмөлөрүнө жетүү үчүн карманган ченемдердин дал өзү болчу.

Ошентип, Ч.Айтматов жаш чагынан тартып эле өзү жараткан чыңалган адеп-аклактык изденүүлөрдүн атмосферасында жашайт. Демек, дал анын руханий көрүмүнө жана чыгармачыл кыялдануусуна бөтөн аңсезимдердин жана социалдык маанайлардын аксиологиялык мазмундуулугу өзгөчө кенен жана ачык-айкын ачыла алмагынан шек саноого болбойт. Анан ал чоң адабиятка киргенде чындап эле көптөгөн, кыйла такшалган сынчыларды өзүнүн сейрек баамчылдыгы, ошондой эле идеялык жана көркөмдүк өз алдынчалыгы менен таң калтырган. Ал өзүнүн адабиятка кирүүсү менен идеал ыйыктанткан жердин ойгонуусун элестеткен. Каарлангандардын сыны менен жектөөлөрүнө жооп кылып, ал турмуш чындыгынан эң актуалдуу көрүнүштөрдү сууруп чыккан. Адам жанынын, жеке адеп-аклактын, үй-бүлөлүк турмуштун, элдик мүнөздүн жабык, көмүскө баалуулуктарын ал ачыкка чыгарган. Бул жанар тоо өңдөнүп, турмуш чындыгынын түпкүрүнөн агып чыккан жаңы чындык катары кабыл алынган. Б.а. чыгармачылык жолунун башынан аягына чейинки Айтматовдун изденүүлөрүнүн субъективдүү пафосу да, анын ачылыштарынын объективдүү мааниси да аксиологиялык өлчөмдө – идеал менен ар кыл баалуулуктардын бүтүндөй бир комплексинин карым-катнашында бериле алат. Ошентип, Айтматовдун чыгармачылыгына кайрылууда аксиологиялык мамилени максаттуу жана пландуу колдонуу муктаждыгы бышып жетилгени ырас.

Биздин изилдөөнүн объектисин тандоо боюнча жаралуучу экинчи суроо: Айтматовдун романдары аксиологиянын жарыгында эмнеси менен жышааналуу?

Анын жышааналуулугу бул чыгармалар боюнча көрөгөч сынчылар, адабиятчылар айтматовдук методдун айырмалуу белгилерин аныкташканында жатат. Алсак, А.Жантаев Ч.Айтматовдун чыгармачылыгындагы реализм проблемасына арналган изилдөөсүндө жазуучунун көркөм методун «катаал реализм» [6,59] деп аныктаган. Ч.Айтматовдун чыгармачылык методунун

бөтөнчөлүгүн алгач аныктагандардын, баа бергендердин катарында казак жазуучусу, академик М.О.Ауэзов дагы болгон. Мына ушул инсандын башында Айтматов тууралуу айткан пикиринин ырастыгын кийинки адабиятчылар бир оoздон кубаттап келатышат. Бул жаатта нечендеген мисалдарды келтирүүгө болот. Алсак, кыргыз адабиятчылары А.Садыков, К.Асаналиев, Л.Үкүбаева, А.Акматалиев, ж.б. ондогон-жүздөгөн илимпоздор сөзсүз М.Ауэзов Ч.Айтматовго берген баага кайрылышат.

Ч.Айтматовдун романдары – «Кылым карытар бир күн», «Кыямат», «Кассандра тамгасы», «Тоолор кулаганда» – ар бири өз алдынча көркөмдүк баалуулукка ээ чыгармалар. Бул чыгармалар адабияттаанууда ой-кырынан талданып келген жана келечекте да анын объектиси боло берет. Анткени аларда жалпы адамзаттык баалуулуктар – Өмүр менен Өлүм, Сүйүү менен Жек көрүү, Сулуулук менен Серттик, Жакшылык менен Жамандык, Акыйкаттык менен Жалганчылык, Ак менен Кара – деги эле көптөгөн аксиологиялык категориялар алдыңкы орунга чыгат. Бул чыгармаларга арналган изилдөөлөрдүн, публикациялардын дээрлик көбүндө түз көрсөтүлбөсө да, жазуучунун, бир жагынан, жекече жан дүйнө кыймылдарынын, башка жагынан – курчап турган дүйнө менен адамзаттык мамилелердин аксиологиялык мазмундуулугуна ориентациясы баамдалат. Албетте, бул жерде бир эске алуучу жагдай бар. Ал – жазуучунун чыгармачылыкка карата өз көз караштарын дайыма өнүктүрүп, өркүндөтүп туруусу. Мисалга, советтик доордогу чыгармалары менен постсоветтик мезгилдеги романдарынын ортосунда бир кыйла мазмундук, идеялык айырма бар. Анткен менен аларды бириктирген нерсе – ошол романдардын аксиологиялык мазмундуулугу. Биз ошол себептен Ч.Айтматовдун романдарын изилдөөдө алга карай жылууга аксиологиялык мамиле көмөктөшөт деп үмүттөнөбүз. Мындай изилдөө кийинки муундарга залкар жазуучубуздун романдарындагы руханий, адептик, тарыхый сабактардын баалуулуктук мазмунун ачып берүүгө көмөктөшөт.

Жогоруда айтылган жүйөөлөр биз сунуштаган изилдөөнүн параметрлерин төмөнкүчө аныктоого жол берет.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу**, биринчиден, дүйнөлүк адабияттаанууда түзүлгөн кырдаал менен шартталган, ал боюнча аксиологиялык мамиле эми жалпысынан өзүнүн жемиштүүлүгүн көрсөттү, бирок кеңири тарыхый-адабий материалда кошумча апробациялоону талап кылат. Экинчиден, Айтматов тууралуу илимде, айтматовтаанууда акыркы он жылдыктарда көптөгөн ачылыштар жасалды. Бирок изилдөөчүлөр анын романдарындагы көркөм аксиологияга кайрылган учур боло элек. Анын үстүнө, окумуштуулар бул романдардын жалпы адамзаттык мазмунга ээ экендигин моюнга алышат. Демек, аларда аксиологиялык мазмун сөзсүз бар. Айтматовдун романдарынын мазмундуулугу жана көркөмдүк бөтөнчөлүгү тууралуу эбак түзүлгөн пикирлерди филология илиминин заманбап абалына ылайык келтирүү муктаждыгы бышып жетилди.

**Иштин жаңычылдыгы** методологиялык өңүттөн алганда анда алгач ирет аксиологиялык мамиле Ч.Айтматовдун романдарынын материалында апробацияланып жатканы менен шартталат. Тарыхый-адабий өңүттө бул романдардагы борбордук каармандардын мүнөздөмөсүнүн бөтөнчөлүгүн, чыгарманын автордук концепциясын жаңыча түшүнүүгө жана жалпысынан – ушул романдардын мазмунундагы «аксиологиялык подтекст» деп шарттуу атоого болуучу жаңы өлчөмдү айкындоого жол берет.

**Изилдөөнүн объектиси** Ч.Айтматовдун «Кылым карытар бир күн», «Кыямат», «Кассандра тамгасы», «Тоолор кулаганда» романдарынын толук тексттери болуп саналат. Изилдөөнүн жүрүшүндө өзгөчө көңүл бул чыгармаларга илимий талдоолорго, алар боюнча абройлуу эмгектерге бурулат.

**Изилдөөнүн предмети** Ч.Айтматовдун романдарында борбордук каармандардын өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн чагылтуучу, анын баалуулуктук ориентацияларынын кыймылдуу системасы катары көркөм берилген аксиология болуп саналат.

Бул изилдөөнүн **илимий проблемасы** Ч.Айтматовдун романдарында байкалган жалпы адамзаттык идеялар аларды талдаган илимий эмгектерде аксиологиялык өңүттө чечмеленбей

калганы менен шартталган. Ошентип, проблема Ч.Айтматовдун романдарына аксиологиялык түшүнүктөрдүн жарыгында талдоо кылууда жатат.

**Изилдөөнүн максаты** – Ч.Айтматовдун романдарынын аксиологиялык мазмундуулугун ачуу жана ошол чыгармалардын автордук концепциясы тууралуу орун алган илимий пикирлерге тийиштүү түзөтүүлөрдү киргизүү.

**Изилдөөнүн милдеттери** алдыга коюлган максат менен шартталган да төмөнкүлөрдөн турат:

1. Ч.Айтматовдун «Кылым карытар бир күн», «Кыямат», «Кассандра тамгасы», «Тоолор кулаганда» романдарынын тексттеринин аксиологиялык мазмунга байлыгын айкындоо жана ушунун негизинде бул чыгармаларда өзгөчө өлчөмдүн – аксиологиялык подтексттин барлыгын көрсөтүү.
2. Борбордук каармандардын аксиологиялык ориентациясы жүрүүчү автор жараткан көркөм дүйнөнүн негизги параметрлерин ачыктоо жана ошол параметрлердин романдардын ар кыл бөлүктөрүндөгү динамикасына байкоо салуу.
3. Аксиологиялык түшүнүктөрдүн жарыгында ар бир романдын борбордук каармандарынын өнүгүү логикасын ачуу.
4. Каармандардын ар кыл түзүүчүлөрдүн – руханий жана диний, социалдык жана психологиялык, табигый жана жасалма – карым-катнашын эске алуу менен – дүйнөдө ориентациялануу өзгөчөлүктөрүн кароо жана алардын аксиологиялык маанисин ачуу.

Айтматовдук тексттерди изилдөө үчүн методологиялык негиз төмөнкү базалык аналитикалык методдордун айкашуусу болуп саналат:

1) проблемалык-тематикалык (жазуучунун чыгармаларынын тематикасы менен проблематикасын анын дүйнөтаанымынын бөтөнчөлүктөрүнө байланыштуу иликтөө);
2) структуралык-семантикалык (чыгарманын айрым бөлүктөрүнүн, анда сыпатталган окуялар менен образдардын маанилик карым-катнашын автордук концепциянын трансформациясынын жарыгында кароо);
3) генеалогиялык (чыгармалардын образдуулугунун, автордун эстетикалык жана философиялык ынтааларынын башаттарын изилдөө);
4) тарыхый-адабий (жазуучунун чыгармаларын анын чыгармачылыгы менен тарыхый жараяндын контекстинде изилдөө).

Эгер кыргыз элинин сыймыгы болгон улуу калемгерибиз Чыңгыз Айтматовдун романдары биз сунуштагандай баалуулуктук өңүттө каралып-талданса, изилденип-иликтенсе жана жаңыча түшүнүлсө, анда ал жараткан көркөм дөөлөттөрдүн руханий, адептик, тарыхый, эстетикалык сабактарынын жаңы кырлары ачылат. Бул көркөм дөөлөттөрдүн адамтаануу жаатындагы кызматынын ийгиликтүү жүзөгө ашуусуна түрткү болот. Натыйжада Чыңгыз Айтматовдун романдарын билим берүү мекемелеринде (орто мектептерде, кесипчилик-техникалык окуу жайларда, атайын орто окуу жайларда, жогорку окуу жайларда) баалуулуктук негизде окутуу, андагы адамтаануу көйгөйлөрүн ачуу маселеси майнаптуу да, ылдам да чечилет. Бул болсо окуучулардын (студенттердин) аруу сапаттарга ээ инсан катары өсүп жетилүүсүнө шарт түзөт.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Философский энциклопедический словарь. – Москва: Советская энциклопедия, 1989. -731 с.
2. Новейший философский словарь. – Минск: Изд-во В.М.Скакун, 1998. - 896 с.
3. Выжлецов Г.П Аксиология культуры. – Санкт-Петербург: Изд-во СПбГУ, 1996. - 152 с.
4. Власкин А.П. Аксиологические возможности в современном прочтении Пушкина / А.П. Власкин // Пушкин : Альманах. – Магнитогорск: МаГУ, 2002. - Вып. 3.-С. 46-54.
5. Бахтин М.М. Литературно-критические статьи / М.М. Бахтин. – Москва: Художественная литература, 1986. - 544 с.
6. Жантаев А.С. Чыңгыз Айтматов реализм дүйнөсүндө / А.С.Жантаев, А.С.Садыков. – Бишкек: Бийиктик, 2001. – 64 б.